| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги жыйырма үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №23-1

“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн
Ардактуу атуулу” наамын
ыйгаруу жөнүндө

29-август 2024-жыл

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин “Ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө” 04-февраль 2015-жылдагы Жобосун негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган укук жана мыйзамдуулук боюнча комиссиясынын кеңешмесиндеги маалыматты угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, жаш өспүрүмдөргө татыктуу билим тарбия берүүдө жана руханий жактан өнүгүшүнө зор салым кошкон төмөнкү жарандарга “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын:
    - Курманбаев Кылыч-айылдык кеңештин депутаты, тез жардам бөлүмүндө айдоочу;
    - Оморов Айбек- айылдык кеңештин депутаты, жеке ишкер;
    - Осмонов Советбек- айылдык кеңештин депутаты, эсепчи;
    - Сайпиллаев Алманбет- айылдык кеңештин депутаты, жеке ишкер;
    - Сайранбаева Ырыскан- айылдык кеңештин депутаты, мугалим;
    - Тургуналиев Бектурсун- айылдык кеңештин депутаты, жеке ишкер;
    - Таштан кызы Айдана- айылдык кеңештин депутаты, адис;
    - Калбаев Тынчтыкбек- айылдык кеңештин депутаты, адис;
    - Турапов Асан- айылдык кеңештин депутаты, жеке ишкер;
    - Эшенов Чыңгыз- айылдык кеңештин депутаты, юрист;
    - Иманкулова Мунара –З. Жамашев атындагы орто мектебинин директору;
    - Жусубалиев Медербек- Б. Калымбетов атындагы орто мектебинин директору;
    - Асанова Айсулуу- О. Муратов атындагы орто мектебинин директору;
    - Зупанова Турсунай- К. Абдраимов атындагы орто мектебинин директору;
    - Парпиева Айзада- Ы. Чанаков атындагы орто мектебинин орус тили жана адабияты мугалими;
    - Амиракулова Айсалкын -Э. Төрөбаев атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими;
    - Балтабаев Абдыкаар-Орто-Азия айылынын тургуну.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага:** **Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №23-2

Мундуз айылы 29-август 2024-жыл

“Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы ички көчөгө ысым ыйгаруу” жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын 25-сентябрь 1997-жыл №67 “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө агартуунун отличниги Матраимов Мусакулдун ысымын ыйгаруу жөнүндөгү укук жана мыйзамдуулук туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Матраимов Мусакулдун ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Матраимов Мусакул атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Джороев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №23-3

Мундуз айылы 29-август 2024-жыл

Жер аянтын муниципалдык
менчикке алуу ” жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренине ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн №01-16/537 27-август 2024-жылдагы кайрылуусунун негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын баяндамасынын сунушун угуп Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Сай участкасындагы Көк-Арт дарыясынын жээгинде жайгашкан №2384 контурундагы 2,55 га жер аянты муниципалдык менчике алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Джороев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №23-4

Мундуз айылы 29-август 2024-жыл

“Бостон айылындагы
75 орундуу бала бакчаны
пайдаланууга берүү” жөнүндө

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы М. Омурзаковдун 20-август 2024-жылдагы билдирүү катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бостон айылындагы 75 орундуу бала бакчанын имараты 2024-жылы толук бүтүрүлгөндүгүнө байланыштуу, пайдаланууга берилсин.

2. “Бийиктик” атындагы 75 орундуу бала бакчанын пайдаланууга берилүүчү иш кагаздарын тактоо жана бүтүрүү жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Бала бакчанын штаттык сан бирдигин бекитип берүү жана кызматкерлердин айлык маянасын мыйзам чегинде чечип берүү жагы Сузак райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы

ТОКТОМ №23-5

Мундуз айылы 29-август 2024-жыл

“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү
бюджетинин 2024-жылга
максаттуу трансферттен келген акча каражатын
бөлүштүрүү жана чыгаша бөлүгүнө
өзгөртүү киргизүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын айрым ченемдик укуктук актыларына, салык Кодексине киргизилген өзгөртүүлөргө “Айыл чарба багытындагы жер салыгын төлөөгө мараторий” киргизилгендигине байланыштуу “Максаттуу трансферттен компенсация катары келген 455,0 миң сом акча каражатын айыл өкмөтүнүн муктаждыктарына жумшоого жана бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык бюджеттин чыгаша бөлүгүнө бөлүмдөр аралык жылдыруу үчүн Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы төмөндөгүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылына тротуар куруу үчүн акча каражаты жетишсиз болгондугуна байланыштуу 295, 0 миң сом бөлүнсүн.

2. “Бахрейн” социалдык шаарчасына жаңы курулган бала бакчанын оңдоо иштерине 100, 0 сом бөлүнсүн жана бала бакча бөлүмүнүн 2221 “Учурда оңдоо” беренесине 100,0 сомго көбөйтүлсүн.

3. Нива автоунаасын оңдоо үчүн аппарат бөлүмүнүн 2214 “Транспортту кызмат көрсөтүү” беренесинен 60,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

4. Мундуз айылына тротуар куруу үчүн каралган 500,0 миң сом акча каражатын Б. Калымбетов орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо үчүн 500, 0 миң сом жылдырылсын.

5. Таштак айылына тротуар куруу үчүн каралган 280,0 миң сом акча каражатын таза суу скважинасын оңдоого насос алуу үчүн 200, 0 миң сом,

6. “Бактылуу наристе” бала бакчасына жабдууларды алууга 80,0 миң сом жылдырылып иштетилсин.

7. Токтомду мыйзам чегин аткаруу жагы финансы экономикалык бөлүмдүн башчысы Г. Нуруевага милдеттендирилсин

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджеттик туруктуу комиссиясынын төрагасы М. Кыдыралиевге жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.Джороев**